**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**
**ХАН-ТЕНИРИ**

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 11- сессиясы

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 03-октябрь** **№ 70** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Теңири айыл аймагында жарандардан түшкөн арыздарынын негизинде жайыт жер тилкелерин трансформациялоого макулдук берүү жөнүндө

Хан-Теңири айыл аймагындагы Боз-Учук, Ново-Вознесеновка, Ичке-Жергез айылдарынын жашоочуларынан Боз-Учук айылынын үстү жагындагы айыл чарба багытындагы жайыт жер тилкелеринен туризм багытына которуп берүү жөнүндөгү арыздарын жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын кезектеги отурумунда карап жана талкуулап Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” мыйзамынын 27, 34 беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 665-токтому менен бекитилген “Жер участокторун которуу, трансформациялоо тартиби” жөнүндөгү жобого ылайык Хан-Теңири жергиликтүү кенеши **токтом кылат:**

1. Боз-Учук айылынын үстү жагындагы айыл чарба багытындагы жайыт жер категориясындагы №940- контурдагы 0,40 га жер тилкесин, №941-контурдагы 0,80 га жер тилкесин, №956-контурдагы 0,55 га жер тилкесин, №958-контурдагы 0,90 га жер тилкесин, №1058-контурдагы 0,40 га жер тилкесин, №1020-контурдагы 0,60 га жер тилкесин, №1019-контурдагы 0,40 га жер тилкесин, №262-контурдагы 0,07 га жер тилкесин, №950-контурдагы 0,25 га жер тилкесин, №951-контурдагы 0,40 га жер тилкесин жана төмөндө көрсөтүлгөн контурларды туризм багытына (трансформациялоого) макулдук берилсин.
2. Ак-Булуң айылынын чыгыш тарабында жайгашкан №858-контурдагы 0,17 га жер тилкесин ошол эле категориядагы туризм багытына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.
3. Ак-Булак айылынын Түргөн суусунун жээгиндеги №988-контурдагы 0,60 га жайыт жер тилкесин айыл чарба категориясындагы өнөр жай, курулуш алдындагы жерлер түрүнө которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

4. Бел жактан №262-контурдагы айыл чарба багытындагы жайыт жер категориясынан айыл чарба багытындагы курулуш багытына которуга (трансформациялоого) макулдук берилсин.
5. Ичке-Жергез менен Боз-Учук айылынын ортосундагы №705 контурдагы 0,50 га жер тилкесин, №796-контурдагы 0,70 га жер тилкесин, 718-контурдагы га жер тилкесиндеги айыл чарба багытындагы жайыт жердеги саздак жерди балык өстүрүү үчүн көлмө категориясына жана туризм багытына котоорууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.
6. Боз-Учук айылынын түндүк тарабындагы токойдун ичинен №846-контурдагы 0,15 га жайыт жер тилкесинен туризм багытына котоорууга макулдук берилсин.
7. Жайыт жер тилкесин айыл чарба багытындагы жерлер категориясына котоорууга байланышкан иштерди жүргүзүү Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
8. Ушул токтом ММКларга жарыялоо үчүн жиберилсин.
9. Токтом ММКга басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
10. Токтомду көзөмөлгө алып аткаруу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жана көзөмөлдөө жергиликтүү кенештин жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**